— өзү түзүлгөн мезгил аяктаганда;
— убактылуу комиссия чечүү үчүн түзүлүп, чечүүгө тийиш болгон тапшырмалар аткарылган учурда;
— айылдык кеңештин чечими боюнча башка учурларда.

16.9. Зарылчылыкка жараша адистер, эксперттер, демилгечи топтор жана башка кызыкдар адамдар убактылуу комиссиянын ишине тартылышы мүмкүн.

16.10. Каралып жаткан маселелер боюнча убактылуу комиссиянын мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүк добушу менен убактылуу комиссия чечим же корутунду кабыл алат.

16.11. Убактылуу комиссиянын жыйынын өткөрүүнүн тартиби туруктуу комиссиялар үчүн белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

16.12. Айылдык кеңештин убактылуу комиссияларынын иштерин материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу (орун-жай, эмеректер, кеңсе товарлары ж. б. менен камсыз кылуу) айыл өкмөтүнө жүктөлөт.

**II БӨЛҮМ**

**НУРМАНБЕТ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН ИШИН УЮШТУРУУ**

**17-глава. Айылдык кеңештин сессиясын даярдоонун жана өткөрүүнүн тартиби**

1.1.Айылдык кенештин сессиялары төмөнкүдөй болушу мүмкүн:
-кезектеги;
-кезексиз;
-ачык;
-жабык;

17.1. Айылдык кеңештин сессиясы айылдык кеңештин карамагына кирген маселелерди коллективдүү талкуулоону жана ал боюнча тийиштүү чечим кабыл алууну камсыз кылган айылдык кеңештин ишинин негизги уюштуруучулук-укуктук түрү болуп саналат.

17.2. Айылдык кенештин сессиясы айылдык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын жарымынан аз эмеси катышканда укук ченемдүү болот.
Айыл өкмөтүнүн башчысын шайлаган учурда айылдык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинен кем эмеси катышканда укук ченемдүү болот.

17.3. Депутаттарды каттоо башталгандан кийин 30 мүнөттүн аралыгында кворум жок болгон учурда төрагалык кылуучу 20 мүнөткө тыныгуу жарыялайт. Эгерде 20 мүнөттүн ичинде кворум камсыз кылбаса , анда сессия болбой калды деп эсептелинет.

17.4. Айылдык кеңештин сессиясын айылдык кеңештин төрагасы чакырат:
- өзүнүн демилгеси боюнча;
-айылдык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн биринен кем эмесинин демилгеси боюнча;
-айыл өкмөтүнүн башчысынын сунушу боюнча.

17.5. Айылдык кеңештин сессиясы кварталына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт. Белгиленген мөөнөттө чакырылуучу айылдык кеңештин сессиясынан тышкары, кезексиз сессиялар өткөрүлүшү мүмкүн.

17.6. Айылдык кеңештин сессиясы коомчулук үчүн ачык болуп саналат. Сессияга айыл өкмөтүнүн башчысы, анын орун басары, жергилктүү жамааттын мүчөлөрү, каралуучу маселе боюнча чакырылган адамдар, ошондой эле ушул Регламентте каралган тартипте бардык кызыкдар адамдар катышууга укуктуу.

17.7. Эгерде каралып жаткан маселе мыйзамдарга ылайык мамлекеттик жашыруун сырга тийиштүү болсо, айылдык кеңеш жабык сессия өткөрүү боюнча чечим кабыл алышы мүмкүн.

17.8. Айылдык кеңештин сессиясын чакыруу тууралуу жарыя сессия башталганга чейин 10 календардык күндөн кечиктирилбестен, айылдардын аймактарында жалпы жашоочуларга жеткиликтүү жерлерде көрүнүктүү болуп илинет.

17.9. Айылдык кеңештин сессиясына катышуучулардын саны каттоонун натыйжалары боюнча аныкталат. Депутаттарды каттоону жооптуу катчы жүргүзөт, каттоо ар бир сессиянын алдында жана каттоонун убактысы көрсөтүлүү менен сессия аяктаганга чейин